**Аспирантурага кирүү үчүн тапшырылуучу документтердин тизмеси:**

- ректордун атына арыз;
- өмүр баяны (колдо жазылат);
- жогорку окуу жайын, магистратураны бүтүргөндүгү тууралуу дипломунун, ординатураны бүтүргөндүгү тууралуу сертификатынын нотариустан тастыкталган көчүрмөлөрү;
- илимий жетекчисинин макулдугу (илимий жетекчисинин тастыкталган кол тамгасы, мөөрү менен);
- илимий жетекчиси жөнүндө маалымат (кандидаттык жана доктордук диссертацияларынын шифри, адистиги, илимий даражасы, наамы, иштеген жери жана кызматы, телефон номерлери);
- жарыкка чыккан илимий макалаларынын көчүрмөсү. Эгерде илимий макаласы басмадан чыга элек болсо, анда адистиги боюнча жазылган реферат (илимий жетекчисинин баасы, кол тамгасы менен);
- 3х4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт;
- кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган өздүк баракча;
- кафедранын кеңешмесинин аспирантурага сунуштагандыгы жөнүндөгү протоколунан көчүрмө;
- кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- иштеген жерлеринен маалымкаттар;
- паспорттун көчүрмөсү;
- кандидаттык сынактарды тапшыргандыгы тууралуу күбөлүк (эгер тапшырган болсо);
- адистик боюнча эмгек стажы жок, артыкчылык диплому менен бүтүргөн талапкерлер факультеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталат.

Аспирантурага документтерди кабыл алуу жылдын 15-октябрынан 15-ноябрына чейин, ал эми кирүү сынактары декабрь айы ичинде жүргүзүлөт.